# Аксы районундагы Ы. Акылбеков атындагы № 21 жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекмесинин

# өнүгүү программасы.

**2021-2026-жылдар үчүн**

# Өнүгүү программасынын структурасы

**Өнүгүү программасы 6 бөлүктөн турат:**

1. **Программанын паспорту.**
2. **Программаны түзүүнүн аналитикалык негиздери.**
3. **Программанын максаты, милдети.**
4. **Программаны ишке ашыруу ресурстары.**
5. **Күтүлүүчү натыйжа.**
6. **Программаны ишке ашыруу иш-чаралары.**

# 1.Өнүгүү программасынын паспорту.

## а) Өнүгүү программасын түзүүнүн нормативдик негиздери:

- КР Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамы (30.04.2003-ж. № 92, акыркы редакциясы 23.03.2021-ж. № 38);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 токтому менен бекитилген Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобого;
- КР Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгы (29.01.2021-ж. ПЖ №1);
- 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Программасы (КР Өкмөтүнүн 04.05.2021-ж. № 200 токтому менен бекитилген);
- Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүүнүн колдонуудагы Мамлекеттик билим берүү стандарты (КР Өкмөтүнүн 21.07.2014-ж. № 403 токтому менен бекитилген);
- Кыргыз Республикасынын мектептеринде окутуунун предметтик стандарттары жана аларга ылайык келген окуу программалары;
- Билим берүүгө байланыштуу башка укуктук-нормативдик документтер
- Мектептин Уставы

**б) Билим берүү мекемеси жөнүндө маалымат:**

Билим берүү мекемесинин толук аталышы:**Ы. Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекемеси**

**Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу,Аксы району,Авлетим айыл аймагы, Байкашка-Терек айылы, А. Султаналиев көчөсү 5/1.**
**Билим берүү мекемесинин жетекчиси:** Жанчаров Айбек Ырызалиевич

Менчиктин түрү: **мамлекеттик**

Мектептин статусу: **жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекемеси**

- Мамлекеттик кайра каттоо жөнүндөгү күбөлүк 2021-жылдын 5-апрель Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облустук Юстиция Башкармалыгы тарабынан берилген (сериясы ГПЮ №0051962. каттоо номуру 46073-3303-М-е)

ИУЖК коду 21150933
**Идентификациялык салык номери:** 00405200510092
**Байланыш телефону:** 0703 141004
**Окутуу тили:** кыргыз

**Мектеп өзүнүн ишмердүүлүгүн:**

- Балдардын укуктары жөнүндөгү Конвенциянын;
- Кыргыз Республикасынын Конституциясынын;
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын.
- Мектептин Уставынын жана локалдык актыларынын негизинде алып барат.

**Мектептин жалпы мүнөздөмөсү:**

Мектеп типтүү, 2 кабаттуу.
Колдонууга берилген убактысы: 2020-жыл.
Мектептин жалпы курулуш аянты: 1091,89 $м^2$ .Жалпы жер аянты:0,5 га

Проекттик сыйымдуулугу: 225 окуучу
Окуп жаткан окуучулардын саны: 330 окуучу

# 2.Мектептин учурдагы ишмердүүлүгү боюнча аналитикалык маалыматы.

## 2.1. Мектептин социалдык байланыштары жана коомдук суроо-талаптар.

Ы. Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектеби Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Авлетим айыл аймагынын Байкашка-Терек айылында жайгашкан. Мектеп Аксы райондук билим берүү бөлүмү, районубуздагы мектептер, ЖОЖ дор менен кызматташтык тыгыз байланышта иш алып барат.

Мектептин 100% окуучулары айыл тургундарынын балдары. Окуучулар арасында жарым жетим, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдары, аз камсыздалган үй-бүлөлөрдүн балдары да билим алышат. Окутуунун сапаттуулугуна жана балдардын татыктуу тарбия алышына ата- энелердин, коомчулуктун талабы чоң.

## 2.2. Окутуу-тарбиялоо процессинин уюштурулушу:

Мектеп билим берүү процессин жалпы билим берүү программаларынын деңгээлдерине ылайык билим берүүнүн үч баскычында жүзөөгө ашырылат:

1 –баскыч - башталгыч билим (4 жыл)
2 –баскыч - негизги жалпы билим (5 жыл)
3 –баскыч орто билим (2 жыл)

| № | Баскычтар | класстар | Окуучулардын саны |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | 1 -баскыч | 0-4-класстар | 118/52 |
| 2. | 2-баскыч | 5-9-класстар | 171/79 |
| 3. | 3-баскыч | 10-11-класстар | 41/27 |
| | Жалпы: | | **330/157** |

**Эскертүү: даярдоо класс :27 окуучу, 1-11-класска чейинки окуучунун саны :303, жалпы саны :330 окуучу.**

Мектепте жалпы билимдин мазмуну мамлекеттик жалпы билим берүү стандарттарынын негизинде билим берүүчү мекеме өз алдынча иштеп чыккан, бекиткен жана ишке ашырылган программаларда аныкталат.

Академиялык сааттын узактыгы - 45 мүнөт, биринчи класста - 40 мүнөт, даярдоо класста 35 мүнөт.

Ар бир класстагы жыйынтык жүгү массалык мектептердин окуучулары үчүн максималдуу жол берилген милдеттүү жүк болуп саналат.

Мектептин окуучулары үчүн жол берилген жүктөмдүн чеги төмөнкүлөр болуп саналат :

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1-класста | 21 саат | 7-класста | 60 саат |
| 2- класста | 23 саат | 8-класста | 30 саат |
| 3-класста | 23 саат | 9-класста | 60 саат |
| 4-класста | 23 саат | 10-класста | 30 саат |
| 5-класста | 28 саат | 11-класста | 30 саат |
| 6-класста | 58 саат | | |

**5, 8-класстарда окуучунун саны 25 окуучудан ашык болгондуктан орус тили, англис тили, технология, информатика предметтери 2 тайпага бөлүнүп окутулат.**

Окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августундагы № 1529/1 буйругу менен бекитилген. 2022-2023-окуу жылы үчүн окуу пландар орто мектептердин базистик окуу планынын негизинде кабыл алынган.

Мектеп 5 күндүк окуу режиминде 2 сменада иштейт. Сабактар $8^{15}$ те башталып, $18^{30}$ те бүтөт. Сабактардын узактыгы 2-11-класстарда 45 мүнөт, 1-класста 40 мүнөт, даярдоо классында 35 мүнөттү түзөт. Мектепте спорттук ийрим, предметтик, музыка ийримдери иштейт.

**Мектептин билим берүүчүлүк программасы:**

1. Мектептеги билим берүү программасы мамлекеттик стандарттын негизинде жүргүзүлөт.

2. Окуу программалары КББАдан экспертизадан өткөн жана КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген.
3. Окутуу Кыргызстанда чыккан окуу китептери боюнча жүргүзүлөт.
4. Окутуунун мазмунуна, аны уюштуруунун формаларында жана методдорунда өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү тарбиялоосу, өз алдынча калыптануусу, өзүн-өзү баалоосу жана өзүн-өзү реализациялай алууга тарбияланышы эске алынат.

**Окутуунун негизги милдеттери:**

- Илимдердин негиздери боюнча бекем жана терең билимдерди калыптандыруу;
- коммуникативдүүлүктү калыптандыруу;
- компетенттүлүктү калыптандыруу;
- өз ишмердүүлүгүн уюштура билүүгө тарбиялоо.
- илимий ой жүгүртүүнү калыптандыруу;
- өз алдынча билим алууга зарыл шарт болуп эсептелген инсандагы туруктуулук сапатты калыптандырууну, өзүн-өзү өркүндөтүүнү, жекече маалыматтарды таба билүүнү калыптандыруу;
- дүйнөнү бүтүндүктө кабыл алууну калыптандыруу;
- изденүүчүлүк жана изилдөөчүлүк билгичтиктерди калыптандыруусу, сын көз-караш менен ой жүгүртө билүүсүн өнүктүрүү;
- социалдык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу;
- кесиптик ишмердүүлүккө багыттоо.

**Окуу планы .**

Мектеп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген жана базистик окуу планынын негизинде түзүлгөн окуу планы боюнча иштейт.

**2.3. Окуучулардын контингенти жана класс-комплектилер**

2022-2023-окуу жылында

Бардыгы 14 (1 даярдоо класс бар ) класс-комплектте 330 Даярдоо класс – 27 окуучу окуйт. Жалпы 15 класс, 330 окуучу

Класстардын толтурулушу – 18-31 окуучудан.

**Социалдык курамы боюнча:**

| Окуу жылы | Соц. колдоого муктаж балдардын саны | Тоголок жетим | Жарым жетим | Соц. жетим | Көп балалуу үй-бүлөнүн балдары | Үйдө окутуу | Ата- энеси мигрант |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2018-2019 | 12 | - | 10 | 11 | 70 | | 23 |
| 2019-2020 | 14 | - | 12 | 13 | 70 | | 28 |
| 2020-2021 | 15 | - | 13 | 14 | 86 | | 21 |
| 2021-2022 | 17 | 1 | 14 | 17 | 91 | | 36 |
| 2022-2023 | 17 | 1 | 14 | 17 | 93 | | 36 |

Ооган согушунун катышуучуларынын балдары –
Баткен согушунун катышуучуларынын балдары –
Аз камсыз болгон үй-бүлө – 17
Окууга тартылбаган бала - жок.
Учетто турган ( ИДН ) – жок
Ата- энесинен кароосуз калган балдар – жок
**Проблемалар.** Толук эмес жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн, мигранттардын балдары жыл сайын көбөйүүдө.

## 2.4. Кадрлар менен камсыздоосу.

| Окуу жылдары | Мугалимдер-дин саны | Жогорку билимдүү | Бакалавр | Атайын орто | Бүтпөгөн жогорку | Жалпы орто | КРнын ББ мыктысы | ББ жана илим министринин “Ардак грамотасы” |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2018-2019 жж | 29 | 25 | 1 | 3 | | | 5 | 7 |
| 2019-2020 жж | 29 | 25 | 1 | 3 | | | 7 | 9 |
| 2020-2021жж | 28 | 23 | 1 | 3 | | | 7 | 9 |
| 2021-2022 жж | 28 | 23 | 1 | 3 | | | 7 | 9 |
| 2022-2023-ж.ж | 29 | 25 | 1 | 3 | | | 8 | 10 |

Мектепте жыл башында 29, учурда 29 мугалим, 14 кенже кызматкерлер эмгектенип келүүдө.

**Жалпы мугалимдердин сапаттык курамы**:

- жогорку билимдүү адис – 25
- бакалавр даражасындагы – 1
- атайын орто билимдүү – 3

-бүтпөгон жогорку –

Билим берүүнүн отличниги- 8 мугалим.

**Жалпы 29 мугалимдин ичинен**:

башталгыч классында – 6.

кыргыз тили предметинен - 3

орус тили предметинен -3

англис тили предметинен -2

математика предметинен -3

информатика предметинен -2

физика предметинен-1

химия предметинен -1

биология предметинен- 1

география предметинен- 1

тарых предметинен- 1

дене тарбия предметинен- 2
АЧД предметинен- 1
Китепканачы – 1 мугалим эмгектенет.

Стаж боюнча: 1-5 жылга чейин –
6-10 жылга чейин – 4
11-15 жыл – 3
15 жылдан жогору – 22
Аялдар – 21
Эркектер – 8

Негизги контингентти тажрыйбалуу, чыгармачыл мугалимдер түзөт.

**Проблемалар**:
- Мектеп жамаатында пенсия курагына жетип калган мугалимдердин көптүгү.
- Мугалимдерди кесиптик жактан өстүрүүнүн натыйжалуу иштер жүргүзүлүп жатканына карабастан, жаш мугалимдердин билим берүү сапаты жакшы канааттандырбайт.
- Көп жылдык тажрыйбасы бар мугалимдерде маалыматтык технологияны эффективдүү колдонуу проблемасы бар.
- Педагогикалык кадрлардын келип-кетүүсү

## 2.5. Материалдык-техникалык база.

Колдонууга берилген убак – 2020-ж.
Мектептин жалпы аянты – 5000,0 $м^2$
Мектеп имаратынын ички аянты – 1340,87 $м^2$

Проектик толуктануусу – 225
Фактуу толуктануусу – 330
Мектепте жыйындар залы, спорт зал, ашкана бар. Сабактар өтүлүүчү 11 класстык бөлмөлөр, анын ичинен:
*Кыргыз тили жана адабияты кабинети -1*
*Орус тили жана адабияты- 1*
*Математика кабинети – 1*
*Тарых кабинети - 1*

*Химия – 1*
*Физика – 1*
*География – 1*
*Англис тили – 1*
*Информатика – 1*
*Башталгыч класстар кабинети –2*

Усулкана – 1

Окуу процессин уюштурууга зарыл техникалык каражаттар жетиштүү эмес жана жылына толуктоо иштери жүгүзүлөт. Мектептеги 12 даана компьютерлер, 3 компьютер интернетке байланыштырылган. Мындан тышкары төмөнкү техникалык каражаттар колдонулат.

| **Техникалык каражаттардын тиби** | **Жалпы саны** |
|---|---|
| Ксерокс | 2 |
| Интерактивдуу доска | |
| Телевизор | 2 |
| Проектор | 1 |
| Принтер | 2 |

**Проблемалар.** Ийрим иштери боюнча кабинеттер жетишсиз. Окуу бөлмөлөр кээ бир класстагы окуучулардын жайгашуусунда тардык кылат.

### 2.6. Башкаруу функциясынын звенолору:

Административдик команда 5 кишиден турат: - директор,
- окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары – 1,
- мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу – 1,
- социалдык педагог – 1,

- чарба иштер боюнча директордун орун басары – 1.

Администрациядан тышкары : усулдук бирикме башчылары – 4
-класс жетекчилер – 15
-мектеп парламенти – 1

Башкарууну уюштуруу илимий негиздүү, системдүү жана маалыматтык технологияларды колдонуу менен жүргүзүлөт. Окутуу-тарбиялоо процессин көзөмөлдөөгө администрациядан башка ата-энелер комитети жана усулдук бирикме башчылары да активдүү тартылган. Башкаруу жана көзөмөлдөө кызматтык инструкциялардын жана тиешелүү жоболордун негизинде жүргүзүлөт. Башкарууда демократиялык принциптерди сактоо жана чыгармачылык ишмердүүлүккө багыт берүү максатында өз ара көзөмөлгө, өз алдынча көзөмөлгө көбүрөөк орун берилет.

Башкарууну уюштурууда маалыматтуулук негизги ролду ойногондуктан, бардык информациялар кайра иштелип чыгып, керектүү чечимдердин оперативдүү кабыл алынышына өбөлгө болот.Диагностика, мониторинг жүргүзүү окутуу-тарбиялоо процессине коррективаларды киргизүүдө, ишмердүүлүккө рефлексия жасоодо маанилүү фактор болуп эсептелет.

## 2.7.Окуу- методикалык камсыздоо жана окутуунун сапаттуулугу.

Мектептин өнүгүшүндө негизги ролду сабактар, мугалимдердин кесиптик чеберчилиги жана окуу-методикалык камсыздоо ойноору талашсыз. Ошондуктан методикалык кызматтын ишине РБББ мекемеси жана мектептин администрациясы өзгөчө маани берет. РБББдө түзүлгөн усулчулар мектепти методикалык жактан жалпы камсыздашат. Мисалы: окуу программалары, окуу китептери, колдонмо дептерлер, окуу куралдары, методикалык колдонмолор, адабияттар, календарлык (перспективалык) пландар, ж.б.

Усулдук бирикме жетекчилери тарабынан жаш мугалимдер үчүн, предметтик мугалимдер үчүн ар жыл сайын семинарлар, окуулар, методикалык күндөр өткөрүлүп турат. Ошол эле учурда предметтердин сапаттуу окутулушун көзөмөлгө алышат.Текшерүү иштерин алуу аркылуу предметтик мугалимдердин деңгээли, иштөө системасы анализденет.

Азыркы учурда репродуктивдүү окутуудан алыстап, чыгармачылыкка, изденүүчүлүккө багыт алып окутууга басым коюлуп жаткан учур. Ошондуктан проекттик усул, интерактивдүү окутуу,сынчыл ойлойм, проблемалуу окутуу, дифференциалдуу окутуу, интеграциялап окутуу, компетенттүү окутуу ж.б технологиялар,усулдар мугалимдердин ишмердүүлүгүндө натыйжалуу колдонулууда.

**Окутуунун сапаттуулугун** билим сапатынын көрсөткүчтөрүнөн олимпиадалардын жыйынтыгынан, бүтүрүүчүлөрдүн жайгашуусунан, көрүүгө болот.

Акыркы беш жылдагы билим сапатынын көрсөткүчтөрү

Жылдык жыйынтык боюнча:

| **Окуу жылы** | **Окуучу саны** | **Билим сапаты** | **жетишүү** |
|---|---|---|---|
| 2018-2019 жж | 347 | 50 % | 100% |
| 2019-2020 жж | 349 | 50% | 100% |
| 2020-2021жж | 345 | 51% | 100% |
| 2021-2022 жж | 333 | 55% | 100% |
| 2022-2023-ж.ж | 330 | 53% | 100% |

**Жалпы Республикалык тест боюнча**

| **Окуу жылдары** | **Бүтүрүүчүнүн саны** | **ЖРТга катышканы** | **110 го чейин балл алгандардын саны** | **110 балл алгандардын саны** | **110-230 га чейин балл алгандардын саны** | **Алтын сертификат** | **Орточо балл** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2018-2019 жж | 11 | 9 | 1 | 2 | 6 | - | 121 |
| 2019-2020 жж | 15 | 12 | 1 | 3 | 8 | - | 121 |
| 2020-2021жж | 25 | 11 | 1 | 2 | 8 | - | 123 |
| 2021-2022 жж | 19 | 13 | 2 | 1 | 10 | - | 132,5 |

Олимпиадалардагы байгелүү орундардын көрсөткүчтөрү: 5-11класс.

| Окуу жылдары | райондук | | | | Облустук | | | | Республикалык | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Катышуучунун саны | 1 | 2 | 3 | Катышуучунун саны | 1 | 2 | 3 | Катышуучунун саны | 1 | 2 | 3 |
| 2019-2020 жж | 3 | | 1 | 1 | - | - | - | | - | - | - | - |
| 2020-2021жж | 6 | 1 | 5 | | 1 | - | - | 1 | - | - | - | - |
| 2021-2022жж | 10 | 1 | | 6 | 1 | - | - | 1 | - | - | - | - |
| 2022-2023-жж | 7 | 2 | 1 | - | 3 | - | - | - | - | - | - | - |

Бүтүрүүчүлөр боюнча салыштырма мониторинг

| Окуу жылдары | 9-класс | | 11-класс | |
|---|---|---|---|---|
| | Окуучунун саны | Өзгөчөлөнгөн күбөлүк | Окуучунун саны | «Алтын тамга» аттестаты |
| 2018-2019 жж | 28 | | 12 | - |
| 2019-2020 жж | 20 | | 15 | - |
| 2020-2021жж | 32 | | 23 | - |
| 2021-2022 жж | 30 | 4 | 19 | - |

Бүтүрүүчүлөрдүн жайгашуусун анализдеп көрсөк, жылдан жылга бюджеттик негизде окуган балдардын саны артууда, ЖОЖдорго окууга кеткен окуучуларыбыз көбөйүүдө.

**Проблемалар:** методикалык колдонмолор, дидактикалык материалдардын жетишсиздигинен мугалимдерге көп изденүүгө туура келет.

## 2. 8.Тарбиялык иштердин уюштурулушу.

Азыркы мезгилдин эң актуалдуу проблемасы - бул коомго керектүү, адеп-ахлактуу, активдүү инсанды тарбиялоо. Тарбиялоонун өзөгүндө социалдык компетенттүүлүктөргө ээ, адеп-ахлактуу инсан турат. Көпчүлүк ата-энелер балдарын терең билимдүү болуусу үчүн деле эмес, тарбиялуу болуп чыгуусу үчүн беришет. Баалуулук мамилелердин калыптандырылышы маанилүү маселе. Ата-энеге, үй-бүлөөгө, коомго, мекенге болгон баланын баалуулук мамилесин калыптандыруу, көпчүлүк учурда руханий дүйнөсүнө өзгөртүү киргизүү мектептеги педагогдордун негизги максаты.

Мектептеги тарбиялык иштер улуттук жана адамзаттык баалуулуктардын негизинде максатка багыттуу, системалуу жүргүзүлөт. Бул класстык сааттар, маектешүүлөр, жекече иштер, ар түрдүү иш-чаралар (конкурстар, КВНдер, майрамдар, жумалыктар,декадалар, акциялар ж.б) аркылуу ишке ашырылат.

Тарбиялоо билим берүү менен үзгүлтүксүз тыгыз байланышта жүргүзүлүүчү процесс. Окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтүү , руханий баалуулуктар түшүнүктөрүн берүү сабактарда ишке ашырылат.

Окуучулардын тарбиялуулук денгээлин аныктоо үчүн анкеталар алынып, мониторинг жүргүзүлүп турат. Тарбиялуулук денгээлди аныктоо боюнча анкеталардын жыйынтыгында 8-9- класстарда тарбиялуулук денгээл 10-11- класстарга салыштырмалуу төмөнүрөөк экендиги далилденген. Бирок 7-8-класстарда жыл аягында ата-энелерден алынган анкеталарда окуучулардын үй-бүлөгө, ата-энеге, бир туугандарга мамилеси кескин позитивдүү өзгөргөндүгү жыл сайын белгиленет. Бул тарбиялык иштердин туура багытта жүргүзүлүп жатканын аныктайт.

**Проблемалар**. Жылдан жылга ата–энелери ажырашкан же чет мамлекеттерге иштеп кеткендердин балдары көп болууда. Тарбиянын башаты үй-бүлөдө калыптандырылгандыктан, ата-энесиз өскөн балдарда жана ата-энелери туура эмес мамиле кылган балдарда тартипсиздик, тарбиясыздык учурайт. Демек, тарбиялык иштер педагогдордон өспүрүмдөрдүн курактык өзгөчөлүгүн, психологиянын негиздерин билүүнү, окуучуларга дифференциалдуу, жекече жана илимий негиздүү мамиле кылууну талап кылат.

## 2. 9.Окуучулардын ден соолугуна кам көрүү, мекемеде жетиштүү шарттарды түзүү.

Мектепте график боюнча окуучулардын ден соолугу көзөмөлдөнот. Участкалык балдар дарыгери окуучларды медициналык кароодон өткөрүп турат. Окуу корпусунун, ашкананын, лабараториялардын, кабинеттердин санитардык тазалыгы көзөмөлдонуп турат.

Мектептеги окуучулардын ден соолугуна кам көрүү негизги маселелердин бири. Аксы райондук санитардык-эпидемиологиялык башкармалыгы, райондук поликлиникасынын үй-бүлөлүк дарыгерлер жана өспүрүмдөр бөлүмү менен тыгыз байланышта иштешет. Дарыгерлер тарабынан окуучулар жыл сайын медициналык кароодон өткөрүлүп, ички диспансердик каттоого алынып турат. Окуучуларга вакцинациялары системалуу жүргүзүлөт. ОРВИ, грипп, гепатит, брюцеллез, туберкулез ж.б. жугуштуу оорулар боюнча атайын түшүндүрүү иштери окуучулар жана ата-энелер арасында жүргүзүлүп турат.

Мектепте тазалыкты сактоо боюнча жууп–тазалоо иштери күнүгө, санитардык күн жумасына бир жолу жүргүзүлөт. Профилактикалык иш-чараларды өткөрүү үчүн атайын адистер чакыртылат.

Окуучулардын билим алуусунда шарттарды жакшыртуу үчүн жылына ар кандай маанидеги иштер жүргүзүлөт. Жылуулук берүү системасы канааттандырарлык. Жылытуу системасы көмүр менен жагылат, жылуулук берүүдө кемчиликтер кездешет,система капиталдык ремонтко муктаж. Жарык берүү системасы жакшы абалда.

Спорттук көптөгөн иш- чаралар өткөрүлөт: спорттук мелдештер, иш чаралар ж.б. Спорттук ийримдердин иши жакшы денгээлде уюштурулган. Футбол, волейбол, стол теннис боюнча турнирлер окуучулар менен,аймактагы мектептер арасында да өткөрүлөт. Райондук турнирлерге катышып, 1-2-3-орундарды ээлеп келишүүдө.

**Проблемалар**: Мектептин жайкы спорт аянтчасын тосуу зарылдыгы. Окуучуларды ысык тамак менен камсыз болобогондугу. Жыйындар залын заман талабына ылайык жабдуу.

Мектептин ашканасы биринчи кабатта жайгашкан. Аянты 74,80 $м^2$, 30 орундуу. Санитардык талаптарга жооп берет. Башталгыч класстардын окуучуларына 1 маал шашке чай берилет.

**а) Мектептин миссиясы:**

*"Аксы районунун Ы. Акылбеков атындагы № 21 жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекемеси болуу менен бирге, мектеп окуучуларына башталгыч, негизги ж-а жалпы орто билим берүүгө, ошондой эле мектепти материалдык техникалык, окуу техникалык базасын чыңдоо менен сапаттуу билим-тарбия берүүнү камсыздоо жана үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүнү жогорулатууга багытталат. Мектеп ата-энелер, жергиликтүү коомчулук менен тыгыз кызматташтыкта иштоо менен бирге окутууну жана тарбия берүүнү инсандын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгында жүргүзөт. Инсандын ден соолугун сактоону камсыздайт, анын ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзөт. Азыркы заман талабына ылайыктуу турмуштан өз ордун таба билген көндүмдүргө ээ инсанды тарбиялайт.*

**б) Өнүгүү программасын ишке ашыруунун этаптары - 2021-2026-жж**

**I этап. Уюштуруучулук. 2021-2022- окуу жылы.**

1. Программанын проектиси менен мугалимдерди, окуучуларды, ата-энелерди тааныштыруу жана программаны деталдаштыруу, толуктоо.
2. Зарыл болгон окуу-методикалык базаны түзүүнү баштоо.
3. Мугалимдерди педагогикалык жаңылануулларга, өзгөрүүлөргө даярдоо

**2- этап. Практикалык. 2022- 2025-окуу жылы.**

1. Программанын окутуу-тарбиялоо процессинде ишке ашырылышына жетишүү.
2. Программаны методикалык, кадрдык жана маалыматтык камсыздоо.
3. Диагностика жүргүзүү.

**3- этап. Жыйынтыктоочу. 2025-2026-окуу жылы.**

1. Окутуу- тарбиялоону модернизациялоонун жыйынтыктарын анализдөө, проблемаларды аныктоо, жана жаңы максаттарды белгилөө.
2. Өнүгүү программасын түзүүнүн аналитикалык негизделиши.

Өнүгүү программасын түзүүнүн жана ишке ашыруунун негизги максаты-заман талабына ылайык билим сапатына жетишүү.

Бүгүнкү күндө балдарга терең билим жана тарбия берүү көпчүлүк ата-энелердин негизги максаты. Ошондуктан ата-энелер өз балдарын чыныгы билим тарбия берүүчү жерден окуусун каалайт. Ал эми мектептин максаты ата-эненин талабын толук кандуу ишке ашыруу болуп эсептелет.

Ал үчүн мектеп окуучунун жеке адамдык сапатын калыптандырып, максаттуу багытта коомдо өз ордун туура таап кете ала турган, өз алдынча туура чечим чыгара алган инсанды тарбиялоого милдеттүү.

Азыркы жаш адам эмгек базарында атаандаштыкка жөндөмдүү, жогорку кесиптик чеберчиликке ээ болгон, чоң социалдык жоопкерчиликтүү, өз алдынча адамдык, юридикалык, экономикалык мүнөздө чечим чыгара ала турган болуусу зарыл. Ар түрдүү кырдаалдан чыгып кете алган, өз алдынча чыгармачыл ой жүгүртө билген жана чечим кабыл алууга, атаандаштыкка жөндөмдүү демилгечил, көп тилди билген болууга тийиш.

Азыркы учурда окуучунун мектепти аяктагандан кийин өз кесибин туура тандоосуна өзгөчө көңүл буруу керек. Окуучулардын өз кесибин туура тандоосуна жол көрсөтүү милдети мугалимдерге жана ата-энелерге жүктөлгөн.

Бүтүрүүчү мектепти аяктаганда ЖРТда алган балына карап эмес, кайсы кесипти сүйө тургандыгына жана ал кесипте иштеп кете ала тургандыгына карап кесип тандоосу керек жана ал боюнча окуу жайына тапшыруу керек.

Бүгүнкү күндө жөн гана окуучунун жогорку окуу жайынан окуусуна гана көңүл бурбастан, азыр кайсы багытта билимдүү кадрлар жетишпей жаткандыгын эске алуу зарыл. Ал үчүн бүгүн кайсы адистик талап кылынат, эртең кайсынысы зарылдыгын так билүү зарыл.

## 3.Өнүгүү программаны түзүүнүн максаты:

Окуучуну тарбиялоо менен билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо, аларда негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу, инсандык сапаттарга тарбиялоо, мамлекеттик стандарттардын талабына ылайык жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашыруу.

**Милдеттери:**

1. Билим берүү стандарттарынын аткарылышын камсыздоо, топтолгон педагогикалык тажрыйбалардын негизинде билим берүүнүн сапаттуулугун арттыруу;
2. Окуу процессин маалыматтык технологияларды колдонуу менен оптималдуу уюштуруу;
3. Окуучуларда негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну өнүктүрүүнүн негизинде окуучулардын сүйлөө жана мамиле түзүү маданиятын өркүндөтүү;
4. Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде адеп- ахлактуу, жоопкерчиликтүү, демилгелүү жана компетенттүү атуулду тарбиялоо;
5. Илимий-методикалык иштерге жаңылык киргизүү, алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу менен бирге мугалимдердин кесиптик чеберчилигин арттыруу;
6. Улуттук-тарыхый баалуулуктарды калыптандыруу менен дүйнөлүк маданияттын баалуулуктардын катарынан көрө билүү;
7.Окуучулардын сапаттуу билим алуусу үчүн жетиштүү чөйрөнү түзүү.

## 4. Программаны ишке ашыруу ресурстары төмөнкүлөрдү камтыйт:

а) Программанын илимий-методикалык камсыздалышы
б) Кадрдык ресурс
в) Башкаруучулук уюштуруучулук ресурс.
г) Материалдык-техникалык ресурс.
д) Баалуулук мамилелердин системасы - прориттетик ресурс.
е) Финансылык ресурс.

**а) Программанын илимий-методикалык камсыздалышы**

- Иштеп жаткан билим берүүнүн окуу программаларынын аткарылышы ;
- Мугалимдерди автордук программаларды түзүүгө багыттоо ;
- Мектептин педагогикалык-психологиялык темасынын бардык структуралар тарабынан камтылышы ;
- Кошумча билим берүүнүн жана түрлөрүнүн программаларын иштеп чыгуу жана киргизүү (ийримдин, секциянын жылдык программасы)

**б) Кадрдык ресурс:**

-мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;
-мугалимдердин маалыматтык технологияларды колдонуу деңгээлин жогорулатуу;
- жаш адистерди окутуп-үйрөтүү аркылуу педагогикалык кадрлар менен камсыздоону жакшыртуу;
-мугалимдерди материалдык, моралдык колдоого алуу аркылуу чыгармачылык ишмердүүлүккө мотивациялоо;
-мугалимдердин эмгектенүүсү үчүн комфорттук шарттарды түзүү.

**в) Башкаруучулук уюштуруучулук ресурс:**

- мектептин ишмердүүлүгүнө, өнүгүүсүнө проблемалык багыттоочу анализ жүргүзүү;
- керектүү өзгөртүүлөрү киргизүү жана көзөмөлдөө;
- окуу процессинин бардык катышуучуларын программаны ишке ашырууга мотивациялоо;
- окуучулардын өзүн-өзү башкаруу органын программаны ишке ашырууга тартуу;

**г) Материалдык-техникалык ресурс:**

Программаны ишке ашыруудагы материалдык-техникалык ресурс өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:
- заманбап окуу кааналарын болушу;
- маалыматтык технологиялар, тех каражаттар менен камсыздоонун болушу;
-спорт аянттарынын болушу;
-актовый залдын окуучу санына ылайык болушу;

-ашкананын окуучу санына ылайык жана санитардык талаптарга ылайык болушу;
-китепкананын талапка ылайык болушу, окуу залы, китеп менен камсыздоо;

Материалдык –техникалык база боюнча жакшыртуу талап кылынат:
- окуучуларды класс-кабинеттердин, санына ылайык комплектилөө;
- информатика кабинетинин жана компьютерлердин санын арттыруу;
- санитардык талаптардын сакталышы;
- спорттук жабдуулардын комплексин түзүү;

**д) Баалуулук мамилелердин системасы-приоритеттик ресурс.**

**Окутуу-тарбиялоо процессинин уюштурулушун окуучуларда баалуулук мамилелерди системасын калыптандырууга багытталат:**

**Базалык улуттук баалуулуктар**:
Өз Ата мекенин –Кыргызстанды сүйүүгө, урматтоого жана анын улуттук маданиятын сактоо, жаратылыш байлыктарына аяр мамиле жасоо, үй- бүлөнү сактоо, дүйнөнү бүтүндүктө кабыл алуу.

**Жекече мамилелер:**
- Мугалим, окуучу, ата-эне ортосундагы өз ара байланыштын бекемдигин сактоо;
- Окуучулар менен мугалимдердин, мугалимдер менен мугалимдердин ортосундагы калыптанып калган, демократизм, гуманизм, кызматташтык принциптерине негизделген мамилелердин стилин сактоо;
- Окуучунун ийгиликтүү болушу үчүн зарыл атмосфераны түзүү;
- Бүтүрүүчүлөрдүн коомдо өз ордун таба алышына байкоо жүргүзүү;

**е) Финансылык ресурс.**
- Программанын ишке ашырылышы финансылык-чарбалык иштердин планына ылайык ата-энелерден түшкөн финансылык каражаттар, жергиликтүү бюджет жана долбоорлор менен иштөө аркылуу камсыздалат;

## 5.Күтүлүүчү натыйжалар:

Өнүгүү программасын ишке ашыруунун жыйынтыгында төмөндөгүдөй натыйжалар күтүлөт:

- мектепти билим-тарбия берүү жакшырат;
- окутуунун жеткиликтүүлүгү камсыздалат ;
- зээндүү балдар үчүн шарттар жакшырылат ;
- мектеп бүтүрүүчүлөрү конкурентке жөндөмдүү, өз ишмердүүлүгүн уюштура билет, өзүн- өзү реализациялай алат;
- жогорку профессионалдык педагогдордун чыгармачыл коллективи түзүлөт;
- мектепте өнүгүүнү камсыз кылуучу башкаруунун эффективдүү системасы иштейт;
- мектепте заманбап материалдык база түзүлөт;
- мектеп райондун маданий, спорттук мекемелери менен кеңири кызматташтык байланышта иштейт;

“Бекитемин”

Ы. Акылбеков атындагы №21
жалпы орто билим берүүчү
мектеби мекемесинин директору Жанчаров А.
2-сентябрь, 2021-ж.

**Ы. Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекемесинин2021-2022, 2022-2023, 2023-2024, 2024-2025, 2025-2026-окуу жылына түзүлгөн программасын ишке ашыруу иш-чаралары**

**1. Билим берүү стандарттарын, окуу программаларын эффективдүү ишке ашыруу.**

| № | Иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 1.1 | КРнын билим берүү стандарттары жөнүндө нормативдүү документтерин окуп үйрөтүү. | Директор, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары | Ар дайым | Билим бер талаптарына ылайык база түзүлөт |
| 1.2 | Мектептин өнүгүү программасын иштеп чыгуу | Директор, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары | Январь-март 2021-2026-жж | Өнүгүү пед кеңеште бекитилет |
| 1.3 | Мектепти толугу менен интернет менент туташтыруу | Администрация | 2021-2026-жж | Билим берүүнүн сапаты жогорулайт |
| 1.4 | Жаңы окуу китептерине окуу методикалык колдонмолорго заказ берүү, толуктап туруу | Администрация, китепканачы | Август, жыл сайын | Окуу китептер усулдук колдонмолор менен окуучулар жана мугалимдер камсыз болот |
| 1.5 | Информатика каанасын заманбап технологиялар менен жабдуу | Администрация | 2021-2023-жж | Билим берүүдө алдынкы технологиялар колдонулат |
| 1.6 | “Ата-энелер” мектебин ачуу | Администрация ата-энелер комитети | 2021-2023-жж | Билим, тарбия берүүдө ата-энелердин көмөктөшүүсү жакшырат. |
| 1.7 | Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иш алып баруусу боюнча курстардан өтүүсү. | Предметтик мугалимдер жана администрация | Ар дайым мөөнөтү | Дайыма кесиптик чеберчилигин арттыруу менен |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | келгенде | терең билим берүүгө өзгөчө көңул бурулат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1.8 | Билим берүү процессине инновацияларды киргизүү, колдонуу боюнча перспективалык өнүгүү пландарды иштеп чыгуу | Директор, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары | 2021-2026-жж | Билим берүү процессине инновациялык технологиялар киргизилет |
| 1.9 | Тестирлөө, контролдук иштер аркылуу түрдүү багытта окуучулардын билим деңгээлин текшерүү, жыйынтыгын чыгаруу | Усулдук бирикмелер жана администрация | Дайыма | Окуучулардын билими көзөмөлдөнөт, аны жогорулатуу чаралары көрүлөт |
| 1.10 | Окуучулардын билим сапатынын көтөрүүгө ата-энелерди катыштыруу | Мугалимдер,класс жетекчи жана ата-энелер | Дайыма | Каалаган учурда сабакка катышып баласынын окуусуна көзөмөл жүргүзө алат |
| 1.11 | Окутуп-билим берүү процессинде түрдүү билим берүү технологияларын пайдалануу:<br>Жеке инсанга багыттап окутуу;<br>Проектилик;<br>Рейтингдик;<br>Таанып-билүү жана проблемалык изилдөөчүлүк негизде окутуу | Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары | Ар дайым | Билим берүүнүн сапаты жогорулайт |
| 1.12 | Мугалимдеринин мастер-класстарды, ачык иш-чараларды өткөрүүгө тартуу. | Администрация жана усулдук бирикмелер | Жыл сайын | Ишке болгон жоопкечилиги жогорулайт |
| 1.13 | Билим сапатын коомчулук , керектөөчүлөр жана мугалимдер тарабынан баалоо системасын өнүктүрүү:<br>-жыл сайын директордун ачык докладды сунуштоосу;<br>-мектептин өнүгүү программасынын негизинде окуу жылынын жыйынтыгы боюнча ачык доклад;<br>-мектеп менен кызматташкан мекемелер,мектептер менен бирдиктүү конференциялар, тегерек столдор | Директор, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, усулдук бирикмелер | Жыл сайын | Мугалимдердин өз ишинин натыйжалуу жыйынтыгына болгон кызыгуусу артат |

## 2. Мугалимдин тажрыйбасын, билимин өркүндөтүү

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 2.1 | Мектеп администрациясынын жана мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү курстарынан өтүүсү | Администрация | График боюнча | Жетекчилердин жана мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгү жогорулайт |
| 2.2 | Жаш мугалимдердин мектепке жана өз кесибине адаптациялоо | Администрация, насаатчылар | Жыл сайын | Кадрдык курам толукталат |
| 2.3 | Мектеп бүтүрүүчүлөрү арасында мугалимдик кесипке багыт берүү иштерин жүргүзүү:<br>-мугалимдик династия боюнча маалымат каражаттарын чогултуу.<br>-окуучулар жана мугалимдер менен бирдикте практикалык жана психо-педогогикалык конференция өткөрүү. | Директордун окуу-тарбия иштери б-ча орун басары Класс жетекчилер, мектептин усулчусу | Жыл сайын | Бүтүрүүчүлөрдүн педагогикалык адистик боюнча ЖОЖдорго тапшыруу саны артат |
| 2.4 | Мугалимдерди материалдык жана моралдык жактан стимулдаштыруу механизмин өркүндөтүү үчүн эмгек акысына окутуунун сапатына жараша стим. фондду кароо | Администрация, комиссия мүчөлөрү | Жыл сайын | Мугалимдердин өз ишинин натыйжалуу жыйынтыгына болгон кызыгуусу артат |
| 2.5 | Кесиптик чеберчилик боюнча конкурстарды уюштуруу, катышуу. "Жылдын мыкты мугалими,класс жетекчиси", "Жылдын санарип класс жетекчиси,мугалими" ж.б. | Мугалимдер, класс жетекчилер | План боюнча | Конкурстарга катышат, чеберчилигин арттырат |
| 2.6 | Педагогикалык чеберчиликти арттыруу, жайылтуу боюнча үзгүлтүксүз иштерди уюштуруу | Директордун окуу-тарбия иштери б-ча орун басары | 2021-2026-жж | Мугалимдер иш тажрыйбасын арттыруунун үстүндө үзгүлтүксүз иштейт |
| 2.7 | Мугалимдердин билимин жана кесиптик чеберчилигинин деңгээлин текшерүү (сынак уюштуруу) | Администрация | Жыл сайын | Билимдин деңгээли жогорулайт |
| 2.8 | Мектептин интернет сайтын ачуу, маалымат, жаңылыктарды киргизип туруу | Администрация | 2022-жыл. Ар дайым | Сайт ачылат, маалыматтар жайгаштырылат. |
| 2.9 | Математика,кыргыз тили, орус тили, англис тили | Администрация | Жыл сайын | Мугалимдердин |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | предметтерин окутууга өзгөчө көңүл буруу. | Предметтик мугалимдер | | жоопкерчилиги жогорулатылат. Окуучулардын математика ,кыргыз тили, орус тили, англис тили предметтерине болгон кызыгуулары артат. |

**3.Таланттуу жана жөндөмдүү окуучуларды колдоо системасын өнүктүрүү**

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 3.1 | Окуучуларды түрдүү конкурстарга, олимпиадалага, спорттук мелдештерге даярдоо жана катыштыруу | Уюштуруучу, класс жетекчилер, предмет мугалимдер | 2021-2026-жж | Таланттуу балдарды колдоо үчүн шарт түзүлөт |
| 3.2 | Олимпиаданын, конкурстардын жеңүүчүлөрүнүн маалымат базасын түзүү | окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары | Дайыма | Мектептин портфолиосу түзүлөт |
| 3.3 | Таланттуу окуучуларды педагогика-психологиялык жактан жетектөө | Социалдык-психологиялык кызмат | 2021-2026-жж | Таланттуу окуучу коммуникабелдүүлүккө тарбияланып, жогорку көрсөткүчкө жетишет |
| 3.4 | Окуучуларга кесиптик багыт берүү максатында алардын кызыгуусун жана жөндөмүн аныктоо | окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары | Жыл сайын | Кесипке багыт берүү боюнча иштер аткарылат |
| 3.5 | “Жылдын мыкты окуучусу” сынагын өткөрүү | окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары | Жыл ичинде | Жөндөмдүү окуучулардын өнүгүүсүнө шарт түзүлөт |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3.6 | Окуучулардын жана мугалимдердин бирдиктүү проект түзүү жана илимий ишмердүүлүгү | окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары | Жыл сайын | Илимий ишмердүүлүк жана проект түзүү иштерине катышкандардын саны артат |
| 3.7 | Жогорку кесиптик ийгиликке жетишкен инсандардын катышуусу менен “Ачык эшик” күнүн өткөрүү | окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары | Окуу жылдын ичинде | Окуучулардын кесипти туура тандоосуна жана мотивациясын колдоого шарт түзүлөт |

## 4.Окуучулардын ден-соолугун сактоо жана бекемдөө.

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 4.1 | Окуучуларды медициналык кароодон өткөрүүнү контролдоо | Директор,класс жетекчилер, медициналык кызматкерлер | Дайыма | Окуучулардын ден соолугунун абалы көзөмөлгө алынат |
| 4.2 | Окуучулардын ден соолугун чыңдоочу дене тарбиялык иштерди жүргүзүү (мелдештер, спартакиадалар, спорттук секциялар).”Мектеп лигасын” активдештирүү. | Мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу Секция жетекчилери | 2021-2026-жж | Окуучунун ден соолугун чыңдоо боюнча прафилактика жүргүзүлөт |
| 4.3 | Окуучулардын, ата-энелердин бирдиктүү спорттук иш-чараларын өткөрүү | дене тарбия мугалимдери, уюштуруучу | Жыл сайын | Окуучулардын ден соолугун чыңдоо жана бирдиктүү кызматташтыкка жетишүү |
| 4.4 | Мектепте “Ден соолук” күнүн уюштуруу | Администрация, дене тарбия мугалими, класс жетекчи | План боюнча | Окуучулардын ден соолугун сактоосуна мотивация берилет |
| 4.5 | УБДТ борборунун дарыгерлери менен тыгыз байланышта иш жүргүзүү (эмдөө, жугуштуу оорулардын алдын алуу, окуучулардын санитардык-гигиеналык жактан сабаттуулугун жогорулатуу) | Уюштуруучу, соц педагаог | Жыл сайын | Окуучулардын ден-соолугун чыңдоо.жугуштуу оорулардын алдын алуу, жаңы маалыматтарга ээ болот. |
| 4.6 | Ашкананын санитардык талаптарга жооп берүү абалын арттыруу | Кесип бирлигинин төрайымы, ашпозчу | Жыл сайын | Ашкананын абалы жакшырат |

## 5.Мектептин инфраструктурасын өзгөртүү

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 5.1 | Мектептин окуу –методикалык жана материалдык-техникалык базасын чыңдоо | Администрация | 2021-2026 жж | Техникалык талаптарга дал келген кааналардын саны артат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5.2 | Өрткө каршы, өзгөчө кырдаалдар боюнча ар түрдүү иш чараларды атайын адистер менен бирдикте өткөрүү. | Администрация | Жыл сайын | Окуучулардын коопсуздугу камсыздалат, өмүрүн сактоо шарттарын жакшырат. |
| 5.3 | Китепкана фондун жакшыртуу, электрондук китепкана ачуу | Администрация, китепканачы | Жыл сайын | Китепканада фонду жакшырат,жетишсиз окуу куралынын саны кыскарат. |
| 5.4 | Окуу кааналарын заманбап окуу-дидактикалык каражаттары менен жабдуу | Администрация, класс жетекчилери, китепканачы | Ар дайым | Билим берүү чөйрөсү жакшырат |
| 5.5 | Мектепти спорттук каражаттар менен жабдуу | Директор | 2021-2026 жж | Материалдык техникалык базасы чыңдалат |
| 5.6 | Мектептин айлана-чөйрөсүн жашылдандыруу | Мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу кл.жетекчилер | Жыл сайын | Ыңгайлуу, кооз шарт түзүлөт |
| 5.7 | Мектеп ичиндеги көрктөндүрүү, жашылдандырууну колго алуу | Директор, долбоорду ишке ашыруучу уюм | 2021-2026 жж | Эстетикалык абал жакшырат |
| 5.8 | Мектеп китепканасына стеллаждарды, шкафтарды жасатуу | Камкорчулар кеңеши | 2023- ж | Китептердин сакталуусуна ыңгайлуу шарт түзүлөт |
| 5.9 | Мектеп коридорлорун жылытуу системасын жаңылоо жана трубаларын жана радиаторлорун алмаштыруу | Жергиликтүү бюджет, ата-энелер комитети | 2021-2023 жж | Окуучулардын ден- соолугуун сактоо шарттарын жакшырат |
| 5.10 | Мектептин актовый залын жабдуу | Ата-энелер комитети, администрация, спонсорлор | 2022 жыл | Заман талабына шайкеш келет |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5.11 | Мектеп имаратынын коридорунун дубалын ремонттоо | Жергиликтүү бюджет, Республикалык стим.грант, жергиликтүү бюджет | 2023 жыл | Билим берүү мекемеси жакшырат |
| 5.12 | Мектептин 2-кабатындагы фоени каанларга бөлүү жана музей уюштуруу | Долбоорду ишке ашыруучу уюм, ата-энелер комитети | 2023-ж | Окуучулардын ден- соолугуун сактоо шарттарын жакшырат |
| 5.13 | Видео байкагыч орнотуу (кошумча башталгыч класстар корпусуна) | Жергиликтүү бюджет | 2022- ж | Коопсуздук камсыздалат |
| 5.14 | Мектепти жаңы мебелдер менен камсыздоо | Жергиликтүү бюджет , ата-энелер комитети | Жыл сайын | Билим алууда ыңгайлуу шарт түзүлөт |
| 5.15 | Мектептин электр жабдууларын жаңылоо | жергиликтүү бюджет | 2022 ж | Санитардык нормалар сакталып, ыңгайлуу шарт түзүлөт |
| 5.16 | Мектеп дарбазасын оңдоо жана спорт аянтын тосмолоо | Республикалык стим.грант, жергиликтүү бюджет | 2022-2023 жж | Коопсуздук сакталат, ыңгайлуу, кооз шартты түзөт |
| 5.17 | Мектепте 1-4-класстардын окуучулары үчүн ысык тамак уюштуруу | Ата-энелер комитети, Мерсико | 2022-2023-жж | Окуучулардын коопсуздугу камсыздалат |

**6.Тарбиялык иштерди өнүктүрүү**

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 6.1 | Мектептин өзүн-өзү башкаруу уюмунун ишин жогорку деңгээлде уюштуруу | окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары | Дайыма | Окуучунун уюштуруучулук жөндөмү артат |
| 6.2 | Класс активдерин мектептеги ички тартип эрежелерин көзөмөлдөөгө катыштыруу | Мектептен жана класстан тышкарцы иштердин уюштуруучусу , класс | Дайыма | Мектептин коомдук турмушуна аралашкан окуучулардын саны артат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жетекчи | | |
| 6.3 | Мектептин салттуу иш-чараларын уюштуруу аркылуу окуучулардын коомдук уюштуруучулук ишмердүүлүгүн жогорулатуу | Класс жетекчилер | Дайыма | Окуучунун жөндөмү ар тараптуу өркүндөтүлөт |
| 6.4 | Мектепте ар түрдүү тарбиялык иш чараларды уюштуруу.<br>Предметтик жумалыктар;<br>Чыгармачыл кечелер, интеллектуалдык конкурстар;<br>Окуу конференциялары;<br>Экскурсиялар;<br>Кайрымдуулук акциялары. | Мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу | Планга ылайык | Окуучу жогорку инсандык адамгерчиликке , тапкычтыкка, уюштуруучулук жөндөмдүүлүккө ээ болот, коом менен болгон байланышы күчөйт, Мекенчилдик сезими өнүгөт, улууларга, айлана-чөйрөсүнө урмат-сый менен мамиле жасайт. |
| 6.5 | Класстан тышкаркы түрдүү иш чараларды уюштуруу | Мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу | Жыл ичинде | Өткөрүлгөн иштер аркылуу окуучунун интеллектуалдык деңгээли жогорулайт |
| 6.6 | Ата-энелер менен мектептин ортосундагы байланышты бекемдөө | Мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу | Жыл ичинде | Ата-эненин баласынын өнүгүүсүнө болгон жоопкерчилиги артат |
| 6.7 | Тартип кеңешинин ишин өркүндөтүү | Мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу | Жыл ичинде | Тартип кеңешинин жоопкерчилиги күчөйт |
| 6.8 | Ийрим иштерин жогорку деңгээлде уюштуруу | Директордун окуу-тарбия иштери б-ча орун басары | Жыл сайын | Окуучулар келечек турмушка даяр болот жана кошумча өнөр алат |

## 7. Мектепти башкаруу.

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 7.1 | Ата – энелерге, коомчулукка мектептин ишмердүүлүгү боюнча маалыматтарды жеткирүү | Администрация | Ар дайым | Коомчулук кабардар болот |
| 7.2 | Мектепти башкарууда жана жалпы билим берүүнү ишке ашырууда мамлекеттик билим берүү жөнүндөгү укуктук актыларга негиздөө жана таянуу | Директор, директордун окуу-тарбия иштери б-ча орун басары | Жыл сайын | Мектепти башкарууда мамлекеттик-коомдук башкаруу принциптери ишке ашырылат, өнүгүшүнө ата-энелер жана окуучулардын катышуусу камсыздалат |
| 7.3 | Мектептин ишмердүүлүгү боюнча ачык отчетторду коомчулукка жеткирип туруу | Директор, администрация | Жыл сайын | Коомчулуктун алдындагы ачыктыгы камсыз болот |
| 7.4 | Мектептин окуу- тарбия иштери боюнча мониторингинг жүргүзүү | Директор, директордун окуу-тарбия иштери б-ча орун басары | Жыл сайын | Мектептин статусун сактоо жана өнүгүү жолдору камсыздалат |

Педагогикалык, административдик, кенже тейлоочү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишмердүүлүгүн баалоо механизми жана жол-жоболору бекитилген жана далилдери бар. Жыл сайын баалоо жүргүзүлөт. Анын жыйынтыгы боюнча сыйлыктар аныкталат. Тийиштүү чечимдердин протоколдору бар. Чечимдер бардык категориядагы персоналдын салымын эске алуу менен кабыл алынат.